5. Концепция цифровой трансформации «Санарип Кыргызстан» («Цифровой Кыргызстан») 2019-2023, одобренная решением Совета безопасности КР от 14 декабря 2018 г.

6. О неотложных мерах по активизации внедрения цифровых технологий в государственное управление Кыргызской Республики: Указ Президента КР от 17 декабря 2020 года УП № 64.

7. О проекте Государственной целевой программы «Развитие судебной системы КР на 2019-2022 годы»: Постановление Правительства КР от 7 марта 2019 года № 112.

8. http://sot.kg/post/iats-kabar-god-tsifrovizatsii-avtomatizirovannye-informatsionnye-sistemy-sudov

9. http://sot.kg/post/bishkekskij-gorodskoj-sud-podvel-itogi-2022-goda

10. Аудио-, видеофиксация судебных заседаний в Кыргызской Республике: Мнения сторон. Достижения. Перспективы развития: Исследовательский отчет ОО "Гражданского союза", декабрь 2022 г.

УДК 342.4
DOI 10.58649/1694-8033-2023-4(116)-114-122

**Муратбекова С.М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Муратбекова С.М.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**Muratbekova S.M.**
KNU J.Balasagyn
ORCID 0009-0009-8702-434X; SPIN-код: 4290-37511

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АНЫН СУВЕРЕНДҮҮ МАМЛЕКЕТ КАТАРЫ КАЛЫПТАНУУ ШАРТТАРЫНДА ҮЙ-БҮЛӨНҮ КОРГООНУН ЖАНА КОРГООНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

# КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ ЗАЩИТЫ И ЗАЩИТЫ СЕМЬИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ В УСЛОВИЯХ ЕЕ СОЗДАНИЯ КАК СУВЕРЕННОГО ГОСУДАРСТВА

# CONSTITUTIONAL AND LEGAL PROVISIONS OF PROTECTION AND PROTECTION OF THE FAMILY IN THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONDITIONS OF ITS ESTABLISHMENT AS A SOVEREIGN STATE

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада КР Үйбүлө кодексине таянып үй-бүлөлүк мамилелердин конституциялык принциптери мамлекеттин жарандардын укуктарын таануу, сактоо жана коргоо боюнча конституциялык милдеттеринен, жарандын эркиндиктерин жана укуктарын мамлекеттик кооргоонун кепилденгендигинен, мамлекеттин, анын бардык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын укук бузууларга жол бербөө жана бузулган укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө.

**Аннотация:** В данной статье на основе Семейного кодекса Кыргызской Республики конституционные основы семейных отношений основаны на конституционных обязанностях государства по признанию, сохранению и защите прав граждан, гарантиях государственной защиты свобод граждан и прав, а также недопущение нарушений со стороны государства,

всех его органов, органов местного самоуправления и их должностных лиц.О непредоставлении и восстановлении нарушенных прав.

**Abstract:** In this article, based on the Family Code of the Kyrgyz Republic, the constitutional principles of family relations are based on the constitutional obligations of the state to recognize, preserve and protect the rights of citizens, the guarantee of state protection of citizens' freedoms and rights, and the prevention of violations by the state, all its bodies, local self-government bodies and their officials. on non-grant and restoration of violated rights.

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө; Кыргыз Республикасынын Конституциясы; КР Үйбүлө кодекси; адам укугу.

**Ключевые слова:** семья; Конституция Кыргызской Республики; Семейный кодекс Кыргызской Республики; права человека.

**Keywords:** family; Constitution of the Kyrgyz Republic; Family Code of the Kyrgyz Republic; human rights.

Бүгүнкү күндө үй-бүлө институтунун ролу жана мааниси, мамлекет тарабынан анын кадыр-баркын бекемдөө жана колдоого алуусу бир кыйла олуттуу. Буга толук кандуу түрткү берген, Кыргыз Республикасынын 1993- жылкы алгачкы Конституциясы. Ошол кездеги Кыргыз Республикасынын Конституциясында үй-бүлөнү, энеликти, аталыкты жана балалыкты коргоо негиздөөчү конституциялык артыкчылыктардын бири катары бекемделген. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-бер., 1-п., ылайык «Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот…»[1]. Үй-бүлөнү конституциялык-укуктук коргоо «Кыргыз Республикасында адам укугу менен эркиндиги дайыма жүзөгө ашырылып турат. Бул мыйзамдын маңызын, мазмунун жана колдонулушун аныктайт, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу бийликтерди, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын милдеттендирип, сот адилеттиги тарабынан камсыз кылынат» (КР Конституциясы, 15-бер., 4-б.) деген конституциялык жободон улам келип чыккан.

Азыркы учурда үй-бүлөнү конституциялык-укуктук сактоо жана коргоо мурда болуп көрбөгөндөй актуалдуу. Мына ушул бүгүн, ушул бийлик менен коом, бир кыйла узак убакыттан бери карай, үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактап калуу жана өзүнүн бакубаттулугун камсыз кылуу аракетинде, рыноктун шарттарында жашап кетүү үчүн күрөшүүгө аргасыз болуп келе жаткан үй-бүлөнү мамлекеттик колдоонун жана коргоонун зарылдыгын өзгөчө аңдап билүүлөрү жана сезип-туюулары керек. Биз Кыргызстандын келечеги жана анын укуктук мамлекет катары мындан аркы өнүгүшү, көп жагынан үй-бүлөдөгү өз ара мамилелердин калыптануусуна, саламаттыгы бекем, сергек балдардын тарбиялануусуна, мамлекетти чыңдоо жана жарандык коомду өнүктүрүү үчүн адеп-ахлактык баалуулуктардын түзүлүшүнө жараша аныкталат тургандыгын, көз каранды экенин ачык-айкын аңдап билишибиз керек. Анткени, биздин көз карашыбызда, биздин мамлекеттүүлүгүбүздүн өнүгүшү үчүн бекем фундамент катары коомдун ячейкасы катары үй-бүлө маанилүү ролду ойногон жана мындан ары карай дагы ойнойт. Буга байланыштуу Кыргызстанга ар тараптан таразаланып, абдан жакшы ойлонулуп иштеп чыгылган мамлекеттик үй-бүлөө саясаты өзгөчө зарыл, өкүнүчтүүсү ал бүгүнкү күндө иштелип чыгыла элек.

Бирок адегенде бул багытта жегердүү иш баштоо үчүн, Кыргызстанда үй-бүлөлүк саясатты ишке ашыруунун кандайдыр бир программаларынын принципиалдуу негиздерин

түзүү үчүн, бул саясаттын бардык багыттарын эске алуу, баарынан мурда, дайындуу мезгил ичинде ишке ашыруунун негизги багыттарын аныктап, ажырымдап алуунун зарылдыгын белгилеп коюшубуз керек.

Ошентип, үй-бүлөнү сактоо жана коргоо институтунун мүнөздөмөсү үчүн, анын негизги принциптерин, б.а. ага ылайык бул институттун тутуму курулган объективдүү шартталган башаттарды, ушул коомдук мамилелерди жөнгө салуунун укуктук ыкмаларын табуу маанилүү. Укук үчүн укукта бекемделген нерсе (укуктук жөнгө салуунун предметинин мазмуну) эле эмес, ошондой эле анын кандай ишке ашырыла турганы (коомдук мамилелерди кыйла натыйжалуу жөнгө салуунун негизинде кандай башаттар, идеялар жатары) маанилүү.

Укуктун принциптери коомдук мамилелердин манызы жана мазмуну менен шартталган, алар коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн туура чагылдыруулары тийиш. Коомдук мамилелердин тутуму, укуктун ушул тутумуна мүнөздүү болгон белгилүү принциптер менен жөнгө салынат. Алар коомдун өнүгүшүнүн объективдүү түзүлгөн мыйзам ченемдүүлүктөрүн чагылдырат, мамлекеттин саясатынын мазмунунан келип чыгат жана укуктун тармагынын жалпыланган мөнөздөмөсүн камтыйт [2].

Конституциялык укук тутумунун курамдык бөлүгү катары үй-бүлөнү сактоо жана коргоо институту үчүн өзүнүн спецификалык белгилерине ээ болгон конституциялык принциптер мүнөздүү.

Кыргызстандын негизги мыйзамында камтылган жоболор, маңызы боюнча укуктун тармактарынын ченемдери менен жөнгө салынуучу бардык мамилелер үчүн маанилүү принципиалдуу жоболор болуп саналышат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк мыйзамдарынын чөйрөсүндө алардан кем эмес маанилүү роль ойношот. Ошондуктан конституциялык принциптерди талдоого алуу үй-бүлөлүк мыйзамдардагы конституциялык өбөлгөлөрдү аныктоодон башталышы керек.

Мыйзамдардын үй-бүлөлүк тармагынын өнүгүшүнүн өбөлгөсү катары КР 1993-жылкы Конституциясынын ролу жана ошондой эле КР 2010 - жылкы Конституциясынын ролу кандай экенине ынануу үчүн Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодексинин мазмунун ошол кездеги колдонуудагы КР Конституциясынын текстти менен салыштырып карап чыгуу зарыл. Ошентип, КР 2010 жылкы Конституциясына да кандай негизги принциптер камтылганын карап кетүүгө болот, анткени азыркы КР Конституциясына баа берүү эрте деп эсептейбиз.

Мындай салыштыруу, биздин көз карашыбызда, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк мыйзамдарындагы кемчиликтерди жана боштуктарды табууга өбөлгө түзүлгөн.

КР Конституциясынын 12-бер., 1-б. ылайык Кыргыз Республикасында «менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет». Ушул эле беренеде ошондой эле «Кыргыз Республикасында менчиктин ар кандай түрлөрү таанылары жана тең укуктуу корголушу кепилденери» белгиленет. КР Конституциясы көрсөтүлгөн ченемдери өнүктүрүү менен: «Ар ким өзүнүн мүлкүнө, өзүнүн интеллектуалдык, чыгармачылык иштеринин натыйжаларына ээ болуу, пайдалануу жана тескөө укугуна ээ; экономикалык эркиндикке ээ, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонууга укуктуу» деп жарыялайт. Анан, албетте, КР Конституциясынын 12-бер., 2-б. «Менчик кол тийгис. Эч ким өзүнүн мүлкүнөн

ажыратылышы мүмкүн эмес, жана аны менчик ээсинин эркинен тышкары алып коюуга соттун чечими боюнча гана жол берилет» деп кепилдейт.

Мына ушундай конституциялык жобо жубайлардын мүлктүк укуктарына жана милдеттерине таасирин тийгизген, же болбосо жеке менчикти таануу мүлктүк талаш-тартыштар менен түйшүктөнгөн үй-бүлө мүчөлөрүнүн аң-сезимдерине өзүнөн өзү эле кирген [1]. Экинчи жагынан, КР Конституциясында жубайлардын «жеке менчиги» деген термин жок, колдонуудагы КР Үйбүлө кодексинин 37-беренесинде. «Жубайлардын ар биринин менчиги» деп аталат. Ошону менен бирге, КР Конституциясынын менчик маселелерине арналган ченемдерин эске алуу менен, КР Үйбүлө кодекси 3-бөлүмдүн мазмунун жубайлардын, мурунку жубайлардын, башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүлктүк укуктарына жана милдеттерине тийиштүү бөлүгүндө, укуктук мааниде, бир кыйла так жана дайындуу кылган. Анын үстүнө, КР Конституциясы жаш куракка карабастан бардык жарандар үчүн арналса, КР Үйбүлө кодекси мүлктүк укук ээлеринин тизмегине, ал дагы өзүнүн менчигине укуктуу деп, баланы да киргизген (КР ҮК 65-бер.).

КР Конституциясы (1-бер.) Кыргыз Республикасын социалдык мамлекет катары таануу менен, көңүлдүн борборун Кыргыз Республикасы жеке инсандын жашоо-турмушуна жана эркин өсүшүнө татыктуу шарттарды түзүүгө, жумуштуулукка көмөк көрсөтүүгө (КР Конституциясы 9-бер., 1-б.) багытталган социалдык программалдарды иштеп чыгып аткарына топтойт, буга КР Конституциясы үй-бүлөнү, энеликти, аталыкты жана балалыкты дагы киргизет. Мында аталык баланын болочогуна тикелей таасирин тийгизүүчү белгилүү бир физиологиялык абал болбогондон кийин, энелик менен бир катарда тура албасын белгилөөгө тийишпис. Ошентсе да, аял-эне жана эркек-ата бирдей укуктарга ээ болушат, бирдей милдеттерди аткарышат, бул КР ҮК 1-бер., 3-п. каралган, анын негизи, биринчи кезекте, КР Конституциясынын 16-бер., 3-б. «Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей» деген жана 16-бер., 4-б. «Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ» деген жоболор болуп саналат.

Ошондуктан балдар жөнүндө талаш-тартыштарды чечүүдө аял менен эркек ата-энелик укуктардын тең укуктуу ээлери катары чыгышат, ал эми энеге артыкчылык – өзгөчө жаш балдардыкына, иштерди соттордо кароодо, эреже катары, 10 жаштагы баланын оюн эске алуу менен берилет.

Дагы бир принципиалдуу конституциялык ченем – эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу жана аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу принциби (КР Конституциясы 16-бер., 4-б.) Кыргыз Ресупбликасынын бардык колдонуудагы үй-бүлөлүк мыйзамдарынын мазмуну үчүн, жана бардык мамилелерге карата, мейли ал мүлктүкпү, жекеби абдан маанилүү принципиалдуу жобо болуп саналат. Биринчи жолу КР Үйбүлө кодексинин ченемдеринде, алып айтканда 3-бер. 1 жана 2-б. «Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген аялдардын жана эркектердин укуктарынын теңдигине, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, Кыргыз Республикасында аялдар жана эркектер үй-бүлө мамилелеринде жеке жана бирдей мүлктүк укуктарга жана милдеттерге ээ болушат. Үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик коом жана мамлекет тарабынан коргоого алынат» деп айтылган.

Ошондуктан эреже катары «жубайлар», «ата-энелер» деген ж. б. терминдердин көптөк санда колдонулушу кокусунан эмес. Алып айтсак, мисалы, никелешүү үчүн никеге туруп

жатышкан эркектин жана аялдын (КР Үйбүлө кодекси, 13-бер., 1-б.) өз ыктыярдуу макулдуктары, алардын нике курагына жетүүлөрү зарыл (КР Үйбүлө кодекси, 14-бер., 1-б.). КР Үйбүлө кодексинин 16-бер., 1-б. никеге туруп жаткан адамдарды медициналык изилдөө жөнүндө айтылат. Никени бузууда жарандык абалдын актыларын жазуу органдарында (КР ҮК 20-бер., 1-б.) жубай эмес, а жубайлар эскерилет. Никени бузуу соттук тартипте жөндөштүрүлгөндө дагы мына ушуну эле айтууга болот. Ата-энелерге тийиштүү кеп кыла турган болсок, анда КР Үйбүлө кодекси эки ата-эне үчүн тең бирдей укуктарды жана милдеттерди карайт (КР ҮК 66-бер.). Бул кодексте ата-энеге эмес, а ата-энелерге таандык ата-энелердин укуктарын коргоо жөнүндө сөз жүрөт (КР ҮК 73-ст.). КР ҮК 74-бер. ылайык ата-энелик укуктардан ажыратуу ата-энелерге карата да, ошондой эле алардын бирине карата дагы жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Ата-энелердин жана балдардын алименттик милдеттенмелери тууралуу айтуу менен, КР Үйбүлө кодекси «ата-энелер» терминин көптүк санда колдонот.

Укуктук өзөгү КР Конституциясы болуп саналган үй-бүлөлүк мыйзамдар менен каралган укуктардын теңдигинин мисалынын кыйла толук эмес тизмеги мына ушундай. Анын үстүнө, жынысынан эле эмес ошондой эле расасынан, улутунан, тилинен, саясий жана диний ынанымдарынан, же кандайдыр бир жеке жана коомдук мүнөздөгү башка жагдайлар боюнча көз карандысыз ушундай теңчиликтин тизмеги (КР Конституциясы, 16-бер., 2-б.). Демек, КР ҮК 1-бер., 4-б. ылайык «никеге турганда жана үй-бүлө мамилелеринде социалдык, расалык, этностук, тилдик белгилери же дин тутуусу, ден соолугун чектөөлөрү боюнча жарандардын укуктарын чектөөнүн кандай гана түрүнө болбосун тыюу салынат.

Үй-бүлөдөгү жарандардын укуктарына мыйзамдын негизинде гана жана калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын сактоо, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн жана башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында зарыл болгон деңгээлде гана чектөө коюлушу мүмкүн». Мындан көрүнүп тургандай, Конституциялык жоболор менен КР Үйбүлө кодексинин статьяларынын толук шайкештиги көз көрүнө, бул КР ҮК 163, 164-бер. менен жөндөштүрүлүүчү чет өлкөлүктөр, жарандыгы жок адамдар менен никеге туруу кеңири орун алган биздин өлкөдө өзгөчө чоң маманиге ээ болот.

КР Конституциясы ошондой эле никени мамлекеттик каттоого алуу ордуна дагы таасирин тийгизген. Никени каттоого алуу никеге туруп жатышкан адамдардын тандоосу боюнча Кыргыз Республикасынын аймагындагы жарандык абалдын актыларын жазуучу кандай болбосун орган тарабынан жүргүзүлөт, жана никеге турууну каалоочулардын же алардын ата-энелеринин жашаган жерлери менен эч кандай байланыштуу эмес (КР ҮК 12-бер.).

КР үй-бүлөлүк мыйзамдарына КР Конституциясынын «Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери» деп аталган экинчи бөлүмү олуттуу таасирин тийгизген. Анын жалпы принципиалдуу жоболору КР Үйбүлө кодексинин бүтүндөй бир катар беренелери үчүн негиз катары кызмат кылган. Алсак, КР Конституциясынын эки 17, 18-бер. КР ҮК 8-бер. өзүнүн чагылдырылышын тапкан, анда «эгерде КР үй-бүлө мыйзамдарында башкача белгиленбесе, жарандар үй-бүлө мамилеринен (үй-бүлө укуктарынан), анын ичинде ушул укуктарды коргоо укуктарынан келип чыгуучу өздөрүнө таандык болгон укуктардан өздөрү каалагандай пайдалана алышат. Ошондой эле үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын жүзөгө ашырышы жана өз милдеттерин аткарышы үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү

менен башка жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын бузбашы керек» экени белгиленген.

КР Конституциясы боюнча жубайдын жеке укуктарынын мазмуну алардын КР Үйбүлө кодексиндеги аныктамаларынын бир канча айырмалынып турат. Эгерде КР Конституциясында (25-бер., 1 жана 2-б.) ар ким ары-бери эркин жүрүүгө, туруучу жерин тандоого жана Кыргыз Республикасында жашоого укугу бар. Ар ким Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгууга укугу бар экенине басым жасалса, анда КР Үйбүлө кодексинин 32-бер., 1-б. бул укуктар бир канча башкачараак каралат: үй-бүлөдө жубайлардын теңдигине байланыштуу бул өздөрүнүн табияты боюнча окшош укуктардын маңызын жана өзгөчүлөктөрүн алмаштырбайт. КР Конституциясында бул укуктар жубайлар үчүн эле эмес, жарандардын чоң чөйрөсү үчүн арналган. Ошондой эле КР Конституциясынын 42-бер., 3-б. «ар ким кесибин жана алектенчү ишинин түрүн тандап алууга укугу бар» деп айтылса, КР Үйбүлө кодексинин 32-бер., 1-б. дагы жубайлардын ар бири иштин, кесиптин түрүн эркин тандай ала турганы каралган [3].

Жарандын конституциялык укуктарын жана милдеттерин анын жубай катары үй-бүлөлүк мыйзамдарда каралган укуктары (милдеттери) менен салыштыруу, биринчилери өздөрүнүн көлөмдөрү боюнча бир кыйла жөнөкөйүрөөк экенин белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет [4]. Ошенткен менен, өз алдынча ажырымдоочунун ролун аткаруу менен, алар КР Үйбүлө кодексинин беренелеринин бүтүндөй бир катарынын, өзгөчө мүлктүк мамилелерди жөндөөчүлөрдүн өбөлгөсү катары кызмат аткарышат. Адамдын жашоо-турмушунун принциптерине жана ченемдерине кирген укуктар (милдеттенмелер) менен иш бир кыйла башкачараак. Ошондуктан КР Конституциясынын 36-бер., 3-б. КР үй-бүлө мыйзамдары үчүн абдан баалуу болгон «баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо шарттарын камсыз кылуу жоопкерчилиги өздөрүнүн жөндөмдөрү менен финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баланы тарбиялап жатышкан ата-эне менен тарбиячы адамдардын ар бирине жүктөлөрү» жөнүндө жобону бекемдейт.

Адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндиктерине арналган КР Конституциясынын 2-бөлүмүнүн ченемдеринен тышкары үй-бүлө мыйзамдары үчүн өзгөчө принципиалдуу мааниге ээ болгон эки жобо бар.

Биринчиден, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин ролун аныктоочу. Экинчиден, Кыргыз Республикасынын жана анын мыйзам чыгаруу жаатындагы, анын ичинде үй-бөлөлүк укуктук маселелер боюнча мамлекеттик органдарынын компетенциясын аныктоочу.

КР Конституциясынын 6-бер, 3-б. ылайык «Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат».

КР Үйбүлө кодексинин 7-бер. айрым алып коюулары менен «эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде үй-бүлө мыйзамдарында каралгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат» деп бир кыйла башкачарак көрсөтүп, КР Конституциясынын аталган беренесин толугу менен кайталайт, бул бардыгынан мурда,

конституциялык укуктун теориясынын көз карашынан абдан маанилүү. КР үй-бүлөлүк мыйзамдарына тийиштүү айта турган болсок, анда КР Конституциясынын 16-бер., 2-б. менен КР Үйбүлө кодексинин 7-бер. окшоштугу айдан-ачык көз көрүнө жана «Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын катышусу менен үй-бүлө мамилелерине карата үй-бүлө мыйзамдарын колдонуу» деп аталган КР Үйбүлө кодексинин VII [5] бөлүмүндө өзүнүн түздөн-түз чагылдырылышын тапкан. Ал эми Кыргызстан тарабынан 1994-жылы ратификацияланган «Баланын укуктары жөнүндө» БУУ Конвенциясы сыяктуу эл аралык акты КР Үйбүлө кодексинин маанилүү булактарынын бир болуп калгандыгы ушунчалык айдан-ачык болгондуктан, атайы өзгөчө далилдөөлөрдү талап кылбайт. Бирок Конвенциянын негиздөөчү өзөгө катары баланын кызыкчылыктарынын артыкчылыгы жөнүндө анын жобосун карманган «Балдар жөнүндө» КР Кодексинде мындай деп айтылат: «Эгерде асырап алуунун натыйжасында баланын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана эл аралык келишимдерде белгиленген укуктары бузулушу мүмкүн болгон учурда, асырап алуучунун жарандыгына карабастан асырап алуу жүргүзүлүшү мүмкүн эмес, ал эми жүргүзүлгөн асырап алуу сот тартибинде жокко чыгарылууга жатат» (КР Балдар жөнүндө кодекси, 66-бер., 2-б.) [6].

КР үй-бүлөлүк мыйзамдары үчүн КР Конституциясында үй-бүлөнү, энеликти, аталыкты жана балалыкты мыйзам менен коргоо (КР Үйбүлө кодекси 1-ст., 1-б.) негиздөөчү конституциялык артыкчылыктардын бир катары бекемделгени абдан маанилүү башкы жобо болуп саналат.

Ошентип, үй-бүлөлүк мамилелердин конституциялык принциптери мамлекеттин жарандардын укуктарын таануу, сактоо жана коргоо боюнча конституциялык милдеттеринен, жарандын эркиндиктерин жана укуктарын мамлекеттик кооргоонун кепилденгендигинен, мамлекеттин, анын бардык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын укук бузууларга жол бербөө жана бузулган укуктарды калыбына келтирүү милдеттеринен көрүнөт.

Ошентип, укуктун жалпы теориясы укуктук үч деңгээлин: жалпы укуктук, тармактар аралык жана тармактык деңгээлдеринин болгонун тааныйт [7]. Эреже катары, жалпы укуктук принциптер тармактыктарга өтүшөт жана тармактын ченемдери аркылуу ишке ашырылат. Бул топтун катарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: жарандардын тең укуктуулук принциби, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо принциби, социалдык мамлекет принциби, гумандуулук жана адилеттүүлүк принциби. Булардын бардыгы КР Конституциясында бекемделген.

Жарандардын тең укуктуулугунун жалпы укуктук принциби жарандардын жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этноко таандыктыгына, туткан динине, курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларына (КР Конституциясы, 16-бер., 2-б.) көз карандысыз социалдык жана укуктук кепилдиктерден пайдаланышарын билдирет. Айталы, эркектердин жана аялдардын укуктук кепилдиктери жана жогоруда көрсөтүлгөн принциптин декларацияланган ченемдеринин айырмачылыктары жөнүндө адилеттүү суроо жаралат. Бирок, ушуга окшош жагдайларда турган аялдардын бардыгы тең укуктардан пайдаланышарын белгилөө зарыл. Мындан тышкары, энелик иш-милдеттерди ишке ашыруу менен байланыштуу аялдарга кепилдиктин ушундай түрлөрүнүн берилиши, аялдар эмгекке катышуучу абалда болбогон мезгилде

тийиштүү жашоо деңгээлин кармап турууга аларга эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган.

Жарандын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо принциби, жалпы укуктук принцип сыяктуу эле үй-бүлөнү сактоо жана коргоо жаатында, мыйзамдын негизинде жарандардын укуктарынын пайда болуу, алардын көлөмдөрүнүн жана ишке ашырылышынын кызмат адамдарынын жана мамлекеттик органдардын көз карашынан көз каранда болуусунун жоктугу; үй-бүлөнүн негизги кепилдиктерин өнүктүрүү жана коргоо милдеттерин мамлекетке жүктөө жолу менен ишке ашырылат.

Бирок жогоруда баяндалгандардын бардыгы көйгөйдүн формалдуу жагына кирет. Чындыгында жарандардын өз укуктарын ишке ашыруулары иш-аракет катары эле эмес, ошондой эле күтүлгөн натыйжага жетишилүүчү майнап катары дагы чоң мааниге ээ. Бирок бул майнап төмөнкүдөй маанилүү жоболорду эске алуу менен жетишилиши керек.

Ошентип, биздин көз карашыбызда, бүгүнкү күндө жалпы мамлекеттик деңгээлде үй-бүлө социалдык институтунун кризистик абалын жана бышып жетилген көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги иш-аракеттерин иштеп чыгуунун зарылдыгын аңдап-түшүнүү маанилүү. Азыркы күнгө чейин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында үй-бүлө институту менен мамлекеттин өз ара аракеттенүүлөрүн аныктаган ченемдер жок, үй-бүлөнүн укуктары, анын өз алдынча жашап кетүүсүн жана иштөөсүн камсыз кылуучу социалдык кепилдиктери аныкталган эмес. Мамлекеттин иши функционалдуу түрдө дайындуу индивидуумга багыттамаланган, ал эми ошол эле убакта объективдүү статистикалык маалыматтар үй-бүлө жана никелешүү чөйрөлөрүндө социалдык процесстер менен байланыштуу өлкөнүн андан ары өнүгүшү үчүн абдан жагымсыз мүнөздүү багыттар жөнүндө күбөлөп турат, алар адистер көрсөтүп жатышкандай, сыягы мындан ары карай да, жакынкы болочокто да сакталып турмакчы. Ошондуктан, үй-бүлө саясаттын жана укуктун (мыйзамдардын) субъектти болуп калуучу, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк саясат жөнүндө мыйзамдарынын негиздерин калыптандыруу үчүн, предметтин маңызын, аларды башка юридикалык түшүнүктөрдөн айырмалоого мүмкүнчүлүк түзүүчү, үй-бүлөнүн жана үй-бүлө саясатынын принциптерин жана түшүнүктөрүн иштеп чыгуу талап кылынат.

Үй-бүлөнү сактоо жана коргоо маселелеринде конституциялык өбөлгөлөрдүн жана конституциялык принциптердин маңызын изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгаруу менен, төмөнкүдөй жагдайларды белгилеп көрсөтүүгө болот. Мисалы, үй-бүлөлүк мамилелердеги конституциялык өбөлгөлөрдүн маңызын талдоого алуу менен, өз ара катнаштар маселелериндеги жалпы жөндөө жана жеке жөнгө салуу, конституциялык укуктун ченемдери чоң юридикалык күчкө ээ болуу менен, үй-бүлөдөгү өз ара мамилелерди жөнгө салуу үчүн негиз болуп калган фактысын бышыктарын белгилеп коюу керек. Ошондой эле, белгилеп кетчуу нерсе, Кыргыз Республикасынын 1993-жылкы, андай кийин 2010-жылкы кабыл алынган Конституциялары жалпы укуктук принциптердин жетиштүү деңгээлдеги так тизмегин камтыган, алар өз кезегинде тармактык, жана баарынан мурда, Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамдарында жана балдар жөнүндө мыйзамдарында бекемделген ченемдик укуктук актыларда чагылдырылган. Азыркы Башкы мыйзамда – КР 2021-жылкы Конституциясы да үй-бүлөнү сактоонун жана коргоонун конституциялык принциптери жалпысынан, аларга гана таандык жөндөөчү иш-милдетти аткарат, жана конституциялык укуктун тийиштүү институтун бекемдейт деген ойдобуз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын он экинчи шайланган Жогорку Кеңешинин он экинчи сессиясында 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган кирүү режими. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1/30?mode=tekst
2. Доброхотов Е.Н., Филлипова М.В. Советское право социального обеспечения. – СПб., 1992, с. 35-37.
3. Голышева Е.В. Правовое регулирование брака в Кыргызской Республике: автореф. дисс. ... канд.юр.наук. – Бишкек, 2015, 25 с.
4. Нечаева А.М. Конституционные предпосылки семейного законодательства // Государство и право. 2008, №12, 114 с.
5. Бейшембиев Э.Ж. Кыргызская Республика и международное публичное право. – Бишкек: КНУ им. Ж. Баласагына, 2015, 136 с.
6. Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-июлундагы № 100 "Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө" Кодекси. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203700/45?mode=tekst
7. Теория государства и права: учебник для вузов / Под ред. проф. В.М. Корельского и проф. В.Д. Перевалова. – Москва: Изд-во «Норма», 2002, 244 с.

УДК 342.4
DOI 10.58649/1694-8033-2023-4(116)-122-126

**Османова А.М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Османова А.М.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**Osmanova A.M.**
KNU J.Balasagyn

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУКТУ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖӨНҮНДӨ
# К ВОПРОСУ О КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВЫХ ОСНОВАХ ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ
# THE QUESTION OF THE CONSTITUTIONAL AND LEGAL BASIS OF THE LEGAL REGULATION OF ECOLOGICAL SAFETY IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Кыскача мүнөздөмө**: Жарандардын айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндөгү укуктарын жана милдеттерин айтып коюу менен конституциялык-укуктук базаны чектөө жетишсиз. Экологиялык күн тартибин түз атаган, мамлекеттик башкаруунун артыкчылыктарына көңүл бурган, жаратылышты коргоо жана жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн адамдарды жоопкерчиликке тартуу принциптерин белгилеген конституциялык нормалар зарыл.

**Аннотация**: Ограничивать конституционно-правовые основы лишь упоминанием про права и обязанности граждан в сфере взаимодействия с окружающей средой недостаточно. Необходимы конституционные нормы, которые прямо называли бы экологическую повестку, заостряли внимание на приоритетах государственного управления, устанавливали принципы привлечения к ответственности за нарушение природоохранного и экологического законодательства.